**«ЭЛКАРТ менен БЕЛЕК ал»**

**АКЦИЯ ЭРЕЖЕЛЕРИ**

## 1. Жалпы жоболор

1.1. Жүргүзүлүп жаткан жарнамалык бул Акция сүрөмөлөөчү лотерея болуп саналбайт.

1.2. Жеңүүчүнү аныктоодо туш келүү ыкмасы (жеңүүчүнү эркин тандай турган алгоритмди колдонуу) жокко эсе.

1.3. “РСК Банк" ААК жана «Банктар аралык процессинг борбору» ЖАК Акциянын уюштуруучулары болуп саналышат.

## 2. Программанын максаты:

2.1. “РСК Банк" ААК аймактардагы бөлүмдөрү тарабынан чыгарылган «ЭЛКАРТ» төлөм картасы боюнча нак эмес түрдө төлөөгө тартуу жана аларга көмөктөшүү. «ЭЛКАРТ» төлөм картасы боюнча аймактарда нак эмес төлөмдөрдүн көлөмүн көбөйтүү.

## 3. Акцияны өткөрүү мезгил аралыгы

3.1. Акция **2021-жылдын 1-майынан тартып 2021-жылдын 31- июлуна** чейин өткөрүлөт жана төмөнкүдөй убакыт аралыктарын камтыйт:

**2021-жылдын 1-майынан тартып 2021-жылдын 31-майына чейин**

**2021-жылдын 1-июнунан тартып 2021-жылдын 30-июнуна чейин**

**2021-жылдын 1-июлунан тартып 2021-жылдын 31-июлуна чейин**

Негизгиси:

**2021-жылдын 1-майынан тартып 2021-жылдын 31-майына чейин**

## 4. Акциянын катышуучулары

4.1. «РСК Банк» ААКнун, Бишкек жана Ош шаарларынан тышкары, Чүй, Нарын, Талас, Ысык Көл, Жалал-Абад, Ош жана Баткен областтарында жайгашып, иштеп жаткан бөлүмдөрүндө ачылган « ЭЛКАРТ» карта ээлери - 18 жаш курагына жеткен жеке адамдар.

## 5. Акцияга катышуу тартиби

5.1. Бул акцияга катышуу үчүн карта ээси “РСК Банк" ААК аймактардагы филиалдары тарабынан чыгарылган "ЭЛКАРТ" картасы аркылуу сатып алуулар үчүн нак эмес төлөмдөрдү ишке ашырууга тийиш.

5.2. Акцияга катышуу үчүн төмөнкүдөй операциялар эсепке алынбайт:

- "ЭЛКАРТ" карта эсебинен акча каражаттарын алуу/ карта эсебине акча каражаттарын салуу;
- Банктын кассасында жана өз алдынча тейлөө түзүлмөлөрүндө жана Мобилдик банкингде коммуналдык жана башка төлөмдөрдү төлөө;
- билип туруп майдаланган суммалар: 30 мүнөт ичинде бир эле соода-тейлөө ишканасында, бир эле ошол соода түйүнүндө бир эле ошол товар же кызмат көрсөтүү үчүн катарынан бир нече (1ден көп) транзакциялар боло турган болсо, алар негизги жана кошумча карталар менен өткөрүлгөн төлөмдөр экенине карабастан, эсепке 1 (бир) гана транзакция катары кабыл алынат.

## 6. Жеңүүчүлөрдү аныктоо шарттары:

6.1. **Аралык этаптары**

– Акциянын мөөнөтү ичинде бир карта менен өткөрүлгөн 10 транзакциядан кем болбогон эң көп саны боюнча, мында бир транзакциянын минималдуу суммасы 100 сомдон кем болбоого тийиш. Ар бир область боюнча аралык этабынын 1 жеңүүчүсү аныкталат;

**6.1. Негизги этап**

- Акциянын мөөнөтү ичинде бир карта менен өткөрүлгөн 30 транзакциядан кем болбогон эң көп саны боюнча, мында бир транзакциянын минималдуу суммасы 100 сомдон кем болбоого тийиш. Бул этапта жалпы Кыргызстан боюнча 1 жеңүүчү аныкталат;

**7. <u>«Банктар аралык процессинг борбору» ЖАК каражаттарынын эсебинен Акциянын байгелик бюджети:</u>**

| **Этаптар** | **Байгелер** | **Саны** |
|---|---|---|
| 1-этап | Чаң соргуч | 7 |
| 2-этап | Мини печь | 7 |
| 3-этап | Суу ысыткыч | 7 |
| Негизги этап: | Муздаткыч, телевизор, кир жуугуч машина | 3 |
| Жыйынтыгы | | 24 |

**8. Байгелерди тапшыруу:**

**8.1.** Жыйынтыгын чыгаруу:

- ар бир аралык этаптын жыйынтыгы боюнча кийинки айдын 30-күнүнө чейин.
- Негизги этап боюнча байгелерди тапшыруу 2020-жылдын 30-сентябрына чейин жүзөгө ашырылат.

## 9. Кошумча шарттар:

9.1. Акцияга Банктын кызматкерлери жана алардын жакын туугандары катыша алышпайт.

9.2. Акцияга катышуу жана анын шарттары менен макул болуу ушул эрежелердин 4,5,6-кичи пункттарын аткаруу менен тастыкталат.

9.3. Бир эле ошол кардар Акциянын аракеттенүү мөөнөтү ичинде бир категорияда гана бир аралык этапта гана байге ээси боло алат. Аралык этаптардын жеңүүчүлөрү негизги этапта жеңүүчү болууга катыша алышат.

9.4. Мурдагы Акциялардын жеңүүчүлөрү ушул Акциянын кайсы болбосун этабындагы утушка катыша алышпайт.

9.5. Байгелерди алууга байланыштуу транспорттук жана башка чыгымдарды жеңүүчүлөр өздөрү көтөрүшөт.

## 10. Жеңүүчүлөрдү аныктоонун жыйынтыктары:

10.1. Жеңүүчүлөрдү аныктоо үчүн мүчөлөрдүн курамы Банк Башкармасынын токтому менен бекитилген комиссия түзүлөт.

10.2. Акциянын жеңүүчүлөрүнүн курамы Комиссиянын отрумунун протоколу менен тастыкталып, Банк Башкармасынын токтому менен бекитилет.

10.3. Башкарма төмөндөгүдөй чечимдердин бирин бир тараптуу тартипте кабыл ала алат:

- Акциянын шарттарына толуктоолорду жана өзгөртүүлөрдү киргизүү;

10.4. Бүтүндөй банк боюнча кандайдыр бир жагдайлар же конкреттүү материалдар боюнча Акциянын аракетин белгилүү бир мөөнөткө токтото турууга же токтотуп коюга.

10.5. Акциянын башкы жана аралык жеңүүчүлөрү тууралуу маалымат Банктын www.rsk.kg, www.elcart.kg веб-сайтына, ошондой эле социалдык тармактардагы расмий баракчаларына (аккаунт) жайгаштырылат.

10.6. Банк жеңүүчүлөргө жеңүүчү аныкталган учурдан тартып 10 күндүн ичинде Акциянын жыйынтыктары жана сыйлоо аземи боло турган күн тууралуу телефон аркылуу маалымдайт.

10.7. Байланыш маалыматтарынын берилиши жана берилген маалыматтардын аныктыгы үчүн жоопкерчиликти Акциянын катышуучусу өзү тартат.

10.8. Банк жеңүүчүнү убагында кабарлоого жолтоо болгон туура эмес көрсөтүлгөн реквизиттер, мобилдик жана стационардык байланыш операторлорунун торчосундагы кайсы болбосун мүчүлүштүктөр үчүн жооптуу болбойт.

10.9. Акцияда жеңүүчү болгондугу тууралуу кабарлоо жеңүүчүнүн өзүнүн айынан мүмкүн болбогон (11.7-пунктту караңыз), ошондой эле Акциянын жыйынтыгы тууралуу жеңүүчүгө маалымат берилген жана Банктын сайтына жыйынтык жайгаштырылган күндөн тартып 30 күндүн ичинде жеңүүчү өзү келбеген болсо, бул Акциянын жеңүүчүсү катары Акциянын кийинки катышуучусу таанылат.

10.10. Акциянын шарттарына толуктоолорду жана өзгөртүүлөрдү киргизүү же Акциянын аракеттенүүсүн токтотуу тууралуу чечим кабыл алынган учурда, Акциянын катышуучулары бул тууралуу Банктын корпоративдик сайтына жайгаштырылган жарыя аркылуу кабардар болушат www.rsk.kg;

## 11. Байгелерди алуунун шарттары:

11.1. Байгелер Банктын бөлүмдөрүндө байгелерди тапшыруу салтанатында тапшырылат.

11.2. Банк Башкармасынын Акциянын жыйынтыктары тууралуу кабыл алган чечими бардык катышуучулар үчүн акыркы болуп саналат жана даттанууга тиешелүү болбойт.

11.3. Бул Эрежелер, ошондой эле аларга карата өзгөртүүлөр аларды Банк Башкармасынын токтому менен бекиткен учурдан тартып күчүнө кирет.

11.4. Бул Эрежелер, ошондой эле аларга карата өзгөртүүлөр Банктын www.rsk.kg.сайтына жайгаштырылат.